**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2024–жылдын 30 – январы № 34/132**

**Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2023-жылдын 26-декабрындагы №129 “Кызыл-Кыя шаарына караштуу Ак-Булак Дыйкан” СПАсынын “Тешик-Арык” каналын Кадамжай райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардын мэри А. Маткалыковдун 2023-жылдын 22-сентябрындагы катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2023-жылдын 26-декабрындагы №129 токтомунун 1-пункту өзгөртүлүп, төмөнкүдөй окулсун: “Кызыл-Кыя шаарына караштуу “Ак-Булак Дыйкан” СПАсынын 4730 метр “Тешик-Арык” каналы мамлекеттик менчикке алынып, Суу ресурстары кызматынын карамагына өткөрүлүп берилсин”.
2. “Ак-Булак Дыйкан” СПАсынын “Тешик-Арык” каналын Суу ресурстары кызматынын карамагына өткөрүүдө тиешелүү документтерди даярдоо жагы шаардын мэри А. Маткалыковго жүктөлсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ишкерлер, өнөр – жай, транспорт, коммуникация жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**